КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2023-жылдын 31-октябры, № 578

**Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы № 23 «Кыргыз Республикасында саламаттык сактоо чөйрөсүн өнүктүрүү жана калкынын жашоосунун жана саламаттыгынын сапатын жакшыртуу боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө» Жарлыгын аткаруу үчүн, «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүү жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги:

– эки айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

– бул токтомду тиешелүү жылдарга бекитилген бюджеттин каражаттарынын чегинде ишке ашырсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ №1 КАБИНЕТ МИНИСТРОВ

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.У. Жапаров**

007546 *

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ТОКТОМ
ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 31 октября 2023 года № 578

**Об утверждении Положения об оказании медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий**

Во исполнение Указа Президента Кыргызской Республики «О неотложных мерах по развитию сферы здравоохранения и улучшению качества жизни и здоровья населения в Кыргызской Республике» от 8 февраля 2021 года № 23, в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об охране здоровья граждан в Кыргызской Республике», статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Положение об оказании медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий согласно приложению.

2. Министерству здравоохранения Кыргызской Республики:

– в двухмесячный срок привести свои решения в соответствие с настоящим постановлением;

– осуществить реализацию настоящего постановления в пределах средств бюджета, утвержденного на соответствующие годы.

3. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

4. Настоящее постановление вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ №1 КАБИНЕТ МИНИСТРОВ

**Председатель Кабинета Министров Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**

007543 *

Тиркеме

**Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүү жөнүндө жобо**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо саламаттык сактоо уюмдары же жеке медициналык практиканы жүргүзгөн адамдар тарабынан медициналык-санитардык жардам көрсөтүүдө телемедициналык технологияларды колдонуу эрежелерин регламенттейт.

2. Бул Жобонун максаттары үчүн терминдер жана алардын аныктамалары «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө», «Электрондук башкаруу жөнүндө», «Электрондук колтамга жөнүндө», «Медицина кызматкеринин статусу жөнүндө», «Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө», «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мааниле колдонулат.

3. Бул Жободо төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар колдонулат:

1) аралыктан өз ара аракеттенүү – маалыматтык технологиялар аркылуу аралыктан телемедициналык технологияларды колдонуу, ошондой эле медициналык-санитардык жардамга мүнөздүү болгон бардык компоненттерди сактоо менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүү процессинин катышуучуларынын өз ара аракеттенүү процесси;

2) телемедициналык технологиялар – медициналык кызматкерлердин бири-бири, бейтаптар жана/же алардын мыйзамдуу өкүлдөрү менен аралыктан өз ара аракеттенүүсүн, көрсөтүлгөн адамдарды идентификациялоону жана аутентификациялоону, консилиумдарды, консультацияларды өткөрүүдө алар жасаган иш-аракеттерди документтештирүүнү, пациенттин ден соолугунун абалына байкоо жүргүзүүнү камсыз кылуучу маалыматтык технологиялар;

3) консультант – пациентте жана/же анын мыйзамдуу өкүлүндө медициналык-санитардык жардам көрсөтүү жөнүндө келишим түзүлбөгөн башка саламаттык сактоо уюмунун медициналык кызматкери.

4. Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүү процессинин катышуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) дарылоочу врач;

2) диагностикалык изилдөө жүргүзгөн медициналык кызматкер;

**Положение об оказании медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий**

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящее Положение регламентирует правила применения телемедицинских технологий при оказании медико-санитарной помощи организациями здравоохранения либо лицами, ведущими частную медицинскую практику.

2. Для целей настоящего Положения используются термины и их определения в значениях, установленных законами Кыргызской Республики «Об охране здоровья граждан в Кыргызской Республике», «Об электронном управлении», «Об электронной подписи», «О статусе медицинского работника», «О медицинском страховании граждан в Кыргызской Республике», «Об информации персонального характера».

3. В настоящем Положении используются следующие термины и определения:

1) дистанционное взаимодействие – процесс взаимодействия участников процесса оказания медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий на расстоянии посредством информационных технологий, а также с сохранением всех присущих медико-санитарной помощи компонентов;

2) телемедицинские технологии – информационные технологии, обеспечивающие дистанционное взаимодействие медицинских работников между собой, с пациентами и/или их законными представителями, идентификацию и аутентификацию указанных лиц, документирование совершаемых ими действий при проведении консилиумов, консультаций, наблюдения за состоянием здоровья пациента;

3) консультант – медицинский работник сторонней организации здравоохранения, с которой у пациента и/или его законного представителя не заключен договор об оказании медико-санитарной помощи.

4. Участниками процесса оказания медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий являются:

1) лечащий врач;

2) медицинский работник, осуществляющий диагностическое исследование;

3) консультант;

4) пациент;

5) законный представитель пациента.

5) пациенттин мыйзамдуу өкүлү.

5. Телемедициналык технологиялар медициналык-санитардык жардамдын төмөнкү түрлөрүн көрсөтүүдө пайдаланылышы мүмкүн:

1) алгачкы медициналык-санитардык жардам, анын ичинде медициналык тез жардам;

2) адистештирилген медициналык жардам;

3) паллиативдик жардам.

## 2-глава. Телемедициналык технологияларды колдонуунун максаттары

6. Телемедициналык технологиялар процесстин катышуучуларынын аралыктан өз ара аракеттенүүсү аркылуу медициналык-санитардык жардам көрсөтүүдө төмөнкү максаттарда колдонулат:

1) алдын алуу, жыйноо, диагностикалоо, пациенттин даттанууларын жана анамнездин маалыматтарын талдоо, дарылоо-диагностикалык иш-чаралардын натыйжалуулугун баалоо, пациенттин ден соолугунун абалына байкоо жүргүзүү, дарылоо;

2) дарылоочу врачтын өзүнүн кабыл алуусунун зарылдыгы жөнүндө (кароо, консультация) чечим кабыл алуу;

3) консультация өткөрүү үчүн тартылган консультанттын корутундусун алуу;

4) врачтардын консилиумунун протоколун алуу.

## 3-глава. Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүүгө карата негизги талаптар

7. Медициналык-санитардык жардам көрсөтүүдө телемедициналык технологияларды колдонуу жарандардын саламаттыгын сактоо жана жеке мүнөздөгү маалыматты коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарды сактоо менен жүзөгө ашырылат.

8. Процесстин катышуучуларын идентификациялоо жана аутентификациялоо максатында Бирдиктүү идентификациялоо системасы же процесстин катышуучуларын идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү маалыматтарды текшерүүнүн башка жол-жоболору (системалары) колдонулат.

9. Медициналык-санитардык жардам көрсөтүлүүчү маалыматтык технологиялар Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо



5. Телемедицинские технологии могут использоваться при оказании следующих видов медико-санитарной помощи:

1) первичной медико-санитарной помощи, в том числе скорой медицинской помощи;

2) специализированной медицинской помощи;

3) паллиативной помощи.

## Глава 2. Цели применения телемедицинских технологий

6. Телемедицинские технологии применяются при оказании медико-санитарной помощи посредством дистанционного взаимодействия участников процесса в целях:

1) профилактики, сбора, диагностики, анализа жалоб пациента и данных анамнеза, оценки эффективности лечебно-диагностических мероприятий, наблюдения за состоянием здоровья пациента, лечения;

2) принятия решения о необходимости проведения очного приема лечащего врача (осмотра, консультации);

3) получения заключения консультанта, привлекаемого для проведения консультации;

4) получения протокола консилиума врачей.

## Глава 3. Основные требования к оказанию медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий

7. Применение телемедицинских технологий при оказании медико-санитарной помощи осуществляется с соблюдением требований, установленных законодательством Кыргызской Республики в сфере охраны здоровья граждан и защиты информации персонального характера.

8. В целях идентификации и аутентификации участников процесса используется Единая система идентификации или иные процедуры (системы) проверки данных, позволяющие идентифицировать участников процесса.

9. Информационные технологии, посредством которых оказывается медико-санитарная помощь, должны соответствовать требованиям уполномоченного государственного органа Кыргызской Республики в области здравоохранения.

10. Условия (организация, порядок, сроки, оплата и иные условия, не установленные настоящим Положением) предоставления медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий определяются уполномоченным государственным органом в области здравоохранения.

жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

10. Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн шарттары (уюштуруу, тартиби, мөөнөттөрү, акы төлөө жана ушул Жободо белгиленбеген башка шарттар) саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

## 4-глава. Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн формалары жана шарттары

11. Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүү реалдуу убакыт режиминде же кийинкиге калтырылган консультациялар формасында жүргүзүлүшү мүмкүн.

12. Реалдуу убакыт режиминде телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүү процесстин катышуучуларынын түздөн-түз, аралыктан өз ара аракеттенүүсүн карайт.

13. Кийинкиге калтырылган консультациялар режиминде телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүү процесстин катышуучуларынын түздөн-түз, аралыктан өз ара аракеттенүүсүн карабайт.

14. Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам процесстин катышуучуларынын турган жерине карабастан бардык шарттарда көрсөтүлүшү мүмкүн.

## 5. Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүү үчүн акы төлөө

15. Телемедициналык технологияларды колдонуу менен көрсөтүлгөн медициналык-санитардык жардам төмөнкүлөрдүн эсебинен төлөнүшү мүмкүн:

1) кошо төлөө каражаттарынын;

2) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин каражаттарынын;

3) пациенттердин өз каражаттарынын;

4) республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын;

5) жеке жана юридикалык жактардын каражаттарынын;

6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каражаттардын.



## Глава 4. Формы и условия [illegible] помощи с применением телемедицинских технологий

11. Оказание медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий может проводиться в режиме реального времени или в форме отложенных консультаций.

12. Оказание медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий в режиме реального времени предусматривает непосредственное, дистанционное взаимодействие участников процесса.

13. Оказание медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий в режиме отложенных консультаций не предусматривает непосредственного, дистанционного взаимодействия участников процесса.

14. Медико-санитарная помощь с применением телемедицинских технологий может оказываться в любых условиях вне зависимости от местонахождения участников процесса.

## Глава 5. Оплата за оказание медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий

15. Медико-санитарная помощь, оказанная с применением телемедицинских технологий, может оплачиваться за счет:

1) средств соoплаты;

2) средств бюджета Фонда обязательного медицинского страхования при Министерстве здравоохранения Кыргызской Республики;

3) собственных средств пациентов;

4) средств республиканского и местных бюджетов;

5) средств физических и юридических лиц;

6) других средств, не противоречащих законодательству Кыргызской Республики.

16. Оплата за оказание медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий осуществляется в соответствии с Программой государственных гарантий по обеспечению граждан медико-санитарной помощью, утвержденной постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Программы государственных гарантий по обеспечению граждан медико-санитарной помощью» от 21 сентября 2023 года № 493.

17. Оплата за оказание медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий страхователем, заключившим договор по добровольному медицинскому страхованию с организацией добровольного медицинского страхования производится в соответствии с условиями заключенного договора.

…циналык-санитардык …технологияларды колдонуу менен
Республикасынын Министрлер жардам көрсөтүү үчүн акы төлөө Кыргыз
21-сентябрындагы № 493 Кабинетинин 2023-жылдын
жардам менен камсыздоо «Жарандарды медициналык-санитардык
программасын бекитүү боюнча мамлекеттик кепилдиктер
Жарандарды медициналык-санитардык жөнүндө» токтому менен бекитилген
боюнча мамлекеттик кепилдиктер жардам менен камсыздоо
ашырылат. программасына ылайык жүзөгө

17. Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу уюму менен ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу боюнча келишим түзгөн камсыздандырылуучу тарабынан телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүү үчүн акы төлөө түзүлгөн келишимдин шарттарына ылайык жүргүзүлөт.

## 6-глава. Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн жыйынтыгы боюнча алынган маалыматтарды документтештирүү жана сактоо

18. Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүү жөнүндө маалыматты документтештирүү, анын ичинде маалыматтарды электрондук документтерге киргизүү медициналык кызматкердин электрондук колтамгасын колдонуу менен жүзөгө ашырылат.

19. Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн жыйынтыгы боюнча алынган документтер, анын ичинде консультацияга багытталган материалдар, корутундулар, консилиумдардын протоколдору, медициналык документтерге киргизилген маалыматтар, пациенттин тексттик билдирүүлөрү өзү кол койгон жана тиешелүү адамдын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн кагаз жүзүндөгү документ сыяктуу электрондук документ деп таанылат.

Телемедициналык технологияларды колдонуу менен медициналык-санитардык жардам көрсөтүүдө алынган коштоочу материалдар (аудио жана видео жазуулар, үн маалыматтары, сүрөттөр, электрондук формадагы башка билдирүүлөр) түзүлгөн датадан тартып 1 жылдан кем эмес сакталууга тийиш.

20. Ушул Жобонун 19-пунктунда көрсөтүлгөн документтер тиешелүү медициналык документтерди сактоо үчүн каралган мөөнөттүн ичинде сакталууга тийиш.



## Глава 6. Документирование и хранение информации, полученной по результатам оказания медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий

18. Документирование информации об оказании медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий, включая внесение сведений в электронные документы, осуществляется с использованием электронной подписи медицинского работника.

19. Документация, полученная по результатам оказания медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий, включая материалы, направленные на консультацию, заключения, протоколы консилиумов, данные, внесенные в медицинскую документацию, текстовые сообщения пациента признаются электронным документом равнозначным документу на бумажном носителе, подписанному собственноручной подписью и заверенному печатью соответствующего лица.

Сопутствующие материалы (аудио и видеозаписи, голосовая информация, изображения, иные сообщения в электронной форме), полученные при оказании медико-санитарной помощи с применением телемедицинских технологий подлежат хранению не менее 1 года с даты их формирования.

20. Документация, указанная в пункте 19 настоящего Положения подлежит хранению в течение сроков, предусмотренных для хранения соответствующей медицинской документации.

## Глава 7. Ответственность участников процесса

21. Участники процесса несут ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в области охраны здоровья граждан в Кыргызской Республике.

22. Консультант несет ответственность за рекомендации, предоставленные по результатам консультации/консилиума врачей с применением телемедицинских технологий, в пределах данного им заключения.